*Калпакты даярдоодо колдонуучу материалдар.* Ал алгач агыш (боз) кызгылт түстөгү кылчык, кийин ак уяң жүндөн жасалган. Бышык басылгын кийизден төбөсү бийик, этеги тегерек бычылып, оймо-чийме түшүрүлбөй, төбөсүнө чок чыгарылбай, астарсыз, бир гана тигиш менен бириктирилип, ошол жери маңдай жагы деген. Бара-бара бычымы менен формасы өркүндөтүлүп, көркөмдөлө баштаган. Калпак – бул кыргыздардын кийим-кечектеринин ичинен эң ыйыгы. Анын касиетин аны кийип жүргөндөр сезе алышат. Бул байыркы баш кийимди кийген адам илгерки бабаларынын тарыхына тамырлашып, калайык калкынын тагдырына бекем байланат деп айтылат.

*Жыйынтыктоо.* Азыркы учурда эл ичинде ак калпак кийип жүргөн жигиттерибиз жокко эсе болуп баратат. Ошондуктан, улуттук баалуулуктарыбыздын бири болгон калпакты жоготуп албайлы деп, бийлик башындагылар бекеринен “Ак калпак” күнүн жарыялашкан жок. Бирок 5-март күнү да мен ак калпак кийген кыргыздын патриот мырзаларынан көптү коро албадык.

Ушундай ойлордон улам мейли бул да болсо жакшы көрүнүш, өнүгүүгө болгон кадам, жаныланууга түрткү болгон иш-аракет деп чечип, өзүбүзгө суроо бердик. Биз озүбүз кесибибизге байланыштуу заман талабына ылайык жаны стилде калпактарды тигип чыгып, элибизге сунуштасак болбойбу деген ойго келип, калпактын түрлөрүн, калыбын, өңдөрүн жана анын маанисин изилдеп чыгууну чечтик.

Иштин жүрүшүндө биздин багыт,биздин ой, биздин максат-байыркы нукуралуулукту, түпкүлүктү сактоо жана кыргыз калпагын жаңыдан иштеп чыгып, элге сунуштоо.

Кыргыз болгон соң ата-бабаларыбыздын бизге калтырган мурастарын, келечек муунга өткөрүп берүү биз үчүн парз эмеспи. Бийлик тарабынан ак кагазга ардакталып “Ак калпак” күнү деп жазылганы менен ал нерсе көмүскөдө калууда. Ошондуктан биз муундар аракет кылып көрмөкчүбүз. Илимий иштин экинчи бөлүмү жаңы заманбап калпактарын иштеп чыгуу жана үлгүлөрүн даярдоо.

**Колдонулган адабияттар**

1. Таджиева Г., Курманбекова А. Семена, посеянные мудростью. - Бишкек, 1998.

УДК.:687.122-027. 542 (575.2)

## КЫРГЫЗДАРДЫН УЛУТТУК САРКЕЧ КӨЙНӨКТӨРҮН ИШТЕП ЧЫГУУ

**Жолдошбаева М.,** ст. гр. ТШИ (б)-1-12, **Сыдыгалиева М.О.,** ст. преп. каф. ТИЛП
И. Раззакова ат. КМТУ, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы,
E-mail.Janyryk-2012@mail.ru

Бул иште кыргыздын улуттук көйнөктөрүн заманбап стилде иштеп чыгуу.

In the paper national Kyrgyz national dresses made modern style.

Закымдап учкан мезгил өтүп, улам доорлор, кылымдар алмашкан сайын,кыргыз элинин мурасы, эзелки байлыгы болгон оймо-чиймеси кайра жаңырып, жаңы муунга, жаңы түскө ээ болуп жасалып, ар кандай саркеч көйнөктөргө, туш-кийиз, килемдерге, ыйык мечиттерге, боз-үйлөргө, кыздын себине жана баш-кийимдерге түшүрүлүп, кандай заман болбосун адам баласын аруулукка, айкөлдүккө, эл-журтун сүйүүгө, уз-чеберчиликке жана эмгекти сүйүүгө үндөп турат.

Кыргыз орнаментин буюмдун бетине түшүрүү – бир топ машакаттуу иш экени баарыбызга белгилүү. Аны менен кошо пайда болуп жаткан сүрөттүн мааниси жана иш процесси бүткөндөн кийин сүрөттүн күчү дагы эсепке алынышы керек. Себеби, орнаментти түшүрүү процессинде адамдын оюу, эмоциясы убакыттын бир топ агымы менен өтөт, оймочунун сүйлөгөн сөздөрү, айткан тилектери орнаменттин маңызына кошо сиңет. Мисалы, айтылуу эпосто Каныкей Манаска жана анын кырк чоросуна жоокер кийимин камдап жаткан мезгилде, Курандын «Айатиль» сүрөсүн алтымыш жолу тикмечилер менен чогуу кайталап отуруп тиккен экен. Сөздүн күчү адамзаттын жашоосунда чоң ролду ойнойт.

Кагаз бетине жазылган сөз айтылган сөздү күчүнө киргизет. Ал эми саймага, оймо-чиймеге, орнаментке чийилген сөз адамдын жашоосун чоң бурулуштарга да алып келиши мүмкүн.

Байыркы жоокерчилик заманда баатырлар жоокер кийимдерин ишенген адамдарына, энесине же жубайына гана тиктиришкени бекеринен болбосо керек. Мунун себеби жеңиштин кандайдыр бир үлүшү түшүрүлгөн сүрөткө дагы байланыштуу болгон.

Кыргыз орнаменти көчмөн элдердин турмуш-тиричилиги менен жанаша өнүгүп-өсүп келген. Тарыхый булактарга көз чаптырсак, кыргыздар бир топ улуттарга караганда эчен кылым эрте пайда болуп, изин Азиянын төрт бурчуна, Европага чейин калтырып келишкен. Ошол себептен, кыргыздар сайманы, оймону алгачкылардан болуп тараткан десек жаңылбайбыз.

Кыргыз элинин орнаментин эң алгачкылардан болуп М. В. Рындин аттуу илимпоз изилдеп, ар бир орнаменттин тилин тактап, таблицаларды түзүп чыккан. Дал ушул илимпоздун жардамы менен азыркы күндө сайманын, оймонун тили менен таанышууга мүмкүн болуп отурат. Себеби, техниканын, илимдин доору өкүм сүрүп турган кезде, орнаменттерге көңүл буруп, анын тилин түшүнө билгендер арабызда өтө сейрек.

М. В. Рындиндин материалы боюнча кыргыз оймо-чиймесинде 154 негизги элемент бар, алар төмөнкү негизги төрт топко бөлүнөт: жаныбарлар дүйнөсү — 87 элемент; өсүмдүктөр дүйнөсү — 17; жаратылыш — 9; турмуш-тиричилик эмеректери — 41. Бул негизги элементтер 3500дөн ашык негизги комбинациялар менен варианттарды түзөт. Бир эле кочкор мүйүз мотивинин 224 варианты, бугунун — 50, кыргоолдун — 66 варианты бар. Бул цифралардан көрүнүп тургандай, жаныбарлар мотиви көркөм көчөттүк сюжеттердин негизги көпчүлүгүн түзөт. Бул негизги элементтердин арасында негизги реалисттик элементтер — төө, ит, жылкы, бугу, теке жана башкалар бар.

Ар бир оймонун өзүнчө мааниси жана колдонулган орду бар. Мына ошол кыргыз оймосунун укмуштуудай кооз дүйнөсүнө сиздер менен саякат жасоого аракет кылмакчымын;

Наристенин өмүрү узун болсун деп ак-бата, ак-ниет менен колдонушкан оюу үлгүлөрү: (тумар, жаңырган-ай, умай-эне).

Теңирим кургакчылык болтурбай мал-жанды, эгин-сууну аман кылсын деген каалоону билдирген үлгүлөр (тумар, куу бутак, билерик ж.б).

«Суу»-оюуму саймадада, кийизде да колдонулат. Ал жердик менен оймо - чийменин ортосун бөлүп туруучу милдетти аткарат. Суу оюуму элге таралып, сиңип, кыргыз оюумунун үлгүсү катарында кызмат кылат.

«Толкун»-оюуму көркөм кол өнөрчүлүгүнүн дээрлик бардык түрүндө колдонулат. Өзүнүн ийкемдүүлүгү менен элге бүтүндөй тараган. Бир караса толкунду сүрөттөйт, бир караса ит куйрукту элестетет.

«Бадам» оюуму көрүнүшү жагынан «кыргоол» оюумуна өтө эле окшош келет. Бадам оюумун тен ортосунан болуп карасак кыргоол оюумун алабыз. Бул оюум бардык кол өнөрчүлүктө кеңири колдонулат. Бул оюу үлгүсү коңшулаш казак элиндеда бар, аларда «шугла»деген ат менен белгилүү экен.

«Балаты»-оюуму түзүлүшү жагынан өтө жөнөкөй. Анар, жүзүм оюумдары сыяктуу эле саймачылыкта кеңири колдонулат.

Ал эми азыркы учурда байчечекей, жоогазын, мандалак сыяктуу гүлдөрдү сайма жана шырдак оюмдары менен бирге кооштура кубултуп сайылган саймалар өзгөчө актуалдуу болууда. Булар жаштыктын символун чагылдырып, көбүнчө жаш кыз-келиндердин көйнөктөрүнөн көрүүгө болот.

Жогоруда айтылып өткөн санжыралуу оймолордун ичинен мен иштеп чыккан коллекцияга жаштардын талабына ылайык мандалак, байчечекей,жоогазын сыяктуу гүлдөрдү оюулардын жардамында көргөздүм. Ал эми көйнөктөрдүн өңүндө сирень гүлүнүн өңүндөй кылгандыгым үчүн “Сирень гүлү” коллекциясы деп атадым. Бул коллекциянын курамы 5 көйнөктөн турат.

Ар бир көйнөк түзүлүшү жагынан ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ. Атай кетсем, бүрмөлөрүнүн (кокетка) түзүлүшү ар кандай формада жасалган. Юбкалары болсо “солнце”,”полусолнце”,”средний колокол” формасында. Жеңдери, этеги узун, ар биринин ичине ичилик коюлуп тигилген. Ар бир көйнөктүн бели ар кандай формадагы белдемчилердин жардамында даана көргөзүлгөн, тактап айтканда белдемчилер көйнөкө кошо тигилгендери да бар, же өзүнчө тигилип ичи астарланган. Жендеринин учуна “манжет” тигилген.

Бул көйнөктөр жай-күз мезгилдерине ылайыкташтырылып тигилген. Ошону эске алып өңүн да, материалында ушул мезгилдерге ылайыктуу деп “креп шифон”материалын тандагам. Шифондун касиети тууралуу айта турган болсок жибектин (шелк) негизинде жасалган. Шифон-бул абдан жеңил, денеге жагымдуу, аба өткөрүмдүүлүгү жогору жана бекем материал. Шифон азыркы күндө аябай белгилүү. Өзгөчө жайкы сезонго жакшы.

Ал эми шифонго кошумча кылып көйнөктөрдүн саймасы түшүрүлгөн жерлерине бархат материалын колдондум. Көйнөктордун бүрмөлөрү, белдемчилери жана манжеттери кара өңдөгү бархаттан тигилген. Анткени бул материал сайманын көркүн ого бетер чыгарат.

Азыркы күндө соода түйүндөрүндө, дегеле көчөлөрдө кыргыздын орнаменти, оймо-чиймелери түшүрүлгөн көйнөктөрдү кийген адамдар өтө көбөйүп кетти деп көпчүлүгү нараазы болушат. Бирок мени бул көрүнүш абдан кубантат, кана баары кийип алса соонун эле көрүнөт эмеспи. Бул да болсо улуттук баалуулуктарыбызды сактап, өзүбүздүн каада салтыбызды, маданиятыбызды баалагандан кабар берет эмеспи."Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот"-деп айтылгандай азыркы күндө мына ушул саймалардын үстүндө иштөө менен биз күндөн-күнгө өнүгөбүз, өсөбүз. Түпкү оймолордун негизинде балким бара-бара дагы укмуштуудай оймолорду иштеп чыксак болот.

Бизден кийинки муундар XXI кылым кыргыз оймосунун гүлдөп турган мезгили болгон экен деп айтып жүрүшсө жакшы эмеспи деген ой келет.

Тарыхка таянып, учурдун талабын эске алып, келечеке умтулуу менен мен ушул коллекцияны жараттым. Бул көйнөктөр заманбап стилде сапаттуу тигилип учурдун талабына толук жооп берет.

**Колдонулган адабияттар**

1. В.Кадыров. Искуство кочевников; Раритет, 2005. - КЫРГЫЗСТАН.

УДК.: 001.891.3:687.256.53:687.122

## ИССЛЕДОВАНИЕ И ПРИМЕНЕНИЕ МЕТОДОВ КОНСТРУИРОВАНИЯ КОРСЕТНЫХ ИЗДЕЛИЙ ПРИ РАЗРАБОТКЕ КОЛЛЕКЦИИ ЖЕНСКИХ ПЛАТЬЕВ

ст. гр. ТШИ-1-12 **Минбаева Н.Э.,** ст. преп. **Оморова Э.М.**
КГТУ им.И.Раззакова, E-mail.1968@mail.ru

Исследованы методы конструирования корсетных изделий, создана коллекция женских платьев в ходе работы. Выбран рациональный метод конструирования корсета.

## RESEARCH AND USAGE OF METHODS OF CONSTRUCTING CORSET ITEMS IN A PROCESS OF CREATING THE COLLECTION OF WOMEN DRESSES

**Minbaeva N.E., Omorova E.M.**
KSTU named after I.Razzakov Bishkek, Kyrgyz Republic
e-mail: nurisha.minbaeva@facebook.com, omorova-1968@mail.ru

In the process of work the methods of constructing corset iteams has been searched. Also has been creathed the collection of women dresses. The most rathional method of constructing corset has been chosen.

Костюмы жителей Крита и Микен поражают своей сложностью и искусностью. Это прекрасный крой, подчеркивающий все характерные особенности фигуры. Стройные талии женщин и мужчин затягивали негнущимися кожаными поясами, которые достигать не только идеальной формы, но и служили дополнительной защитой во время сражений. Как отдельный предмет одежды он появился в XIV веке во Франции (в Бургундии), его конструкция подчеркивала форму груди, моделируя фигуру [1].

Корсет (фр. corset) – предмет главным образом женской одежды в виде широкого пояса с вшитыми упругими пластинками, туго охватывающий нижнюю часть грудной клетки и живот для придания фигуре необходимого вида (гордая осанка, стройная талия) и мягкой поддержки груди.

Корсет, долго остававшийся без внимания, берет реванш, приобретая новое эстетическое значение. Начинается повальное увлечение этим давно забытым элементом женской одежды, принесшим заметное обновление в современном платье. Многие известные дизайнеры вдохновляются корсетом, в их числе Карл Лагерфельд, Джон Гальяно, дуэт Дольче и Габбана, Тьерри Мюглер, Кристиан Лакруа. Все они создают разнообразные по стилю и форме, излучающие притягательное женское начало корсета.

Корсет становится крайне популярным для свадебных платьев и вечерних туалетов, а также используется для создания оригинальных дополнений к традиционному джинсовому стилю.

По мнению эксперта, искусствоведа Галины Галанджевой, опыт работы с формами старинных корсетов показывает, что любая из них современна и актуальна. Все зависит от характера художественной интерпретации и моделирующих задач [2].

**Целью работы** является исследование и применение методов конструирования корсетных изделий.